КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

19.09.2022 № 1807/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**«Буйрукка өзгөртүү киргизүү жөнүндө»**

2022-жылдын 14-17-сентябрында Баткен облусундагы мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик тилкесинде болгон куралдуу конфликттин жыйынтыгында билим берүү уюмдарында жаралган кырдаалга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 16-августундагы №1591/1 буйругу менен бекитилген аккредитациялоо графигин өзгөртүү максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 16-августундагы №1591/1 "Жалпы билим берүү уюмдарын 2022-2023-окуу жылында аккредитациялоо графигин бекитүү жөнүндө" буйругундагы 2022-жылдын сентябрь-декабрь айларына пландалган Баткен облусундагы мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын аккредитациялоо 2023-жылдын январь-март айларына жылдырылсын.

2. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Аккредитациялоо секторуна жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Н.С. Джусупбекова**